33.6. Жабык сессиялардын материалдарын кошпогондо, жыйындардын протоколдорунун көчүрмөлөрү ачык кол жеткендей болууга тийиш. Жооптуу катчы айылдык кеңештин депутаттарына жана башка кызыкдар адамдарга протоколдордун жана токтомдордун көчүрмөлөрүн берет, алардан көчүрүп алууларды жүргүзөт.
33.7. Айылдык кеңештин сессияларында жана туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарында видео-аудио жазып алуулар жүргүзүлүшү мүмкүн, алар айылдык кеңештин депутаттары үчүн жеткиликтүү болот.
33.8. Протоколдордун, видео жазып алуулардын түп нускалары айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысында сакталат. Жыйындардын жана сессиялардын протоколдору, алардын тиркемелери тийиштүү айылдык кеңештин ыйгарым укугунун мөөнөтүнүн аралыгында сакталат. Айылдык
кеңештин ыйгарым укуктары аяктаганда жыйындардын, сессиялардын протоколдору жана алардын тиркемелери туруктуу сактоого архивге тапшырылат.
33.9. Айылдык кеңештин жабык сессиясынын материалдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жол-жоболоштурулат.

**34-глава. Айылдык кеңештин токтомдорунун аткарылышын контролдоо**

34.1. Токтомдо аны жүзөгө ашыруунун тартиби белгиленилет, атап айтканда:
— жалпысынан токтомдун же анын пункттарын же колдонууга киргизилишинин конкреттүү мөөнөттөрү жана жолдору;
— токтомду жүзөгө ашыруу боюнча органдарга жана кызмат адамдарына конкреттүү тапшырмалардын, айыл өкмөтүнүн жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн (зарылчылыкка жараша) кызмат адамдарына карата таасир этүү чараларынын кабыл алынышы, айыл өкмөтүнүн башчысынын актыларынын айылдык кеңештин токтомуна ылайык келтирүү;
— аны аткаруу үчүн мөөнөттөр белгиленилет.
34.2. Айылдык кеңештин ар бир токтомунда токтомдо көрсөтүлгөн тапшырмаларды аткаруу жүктөлгөн кызмат адамы же орган, ошондой эле токтомдун аткарылышын контролдоо жүктөлгөн кызмат адамы же орган көрсөтүлөт.
34.3. Токтомдун аткарылышынын жүрүшү жөнүндө маалымат угузулгандан кийин, айылдык кеңеш төмөндөгүлөргө укуктуу:
-аткарылган катары токтомду контролдон алып коюу;
-аткарылган катары токтомдун айрым пункттарын контролдон алып коюу;
-ошол токтом боюнча аткаруу мөөнөтүн жылдыруу;
-башка кызмат адамына же органга контролдоо ыйгарым укуктарын жүктөө;
-токтомду жокко чыгаруу;
-токтомго өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;
-кошумча токтомду кабыл алуу.
34.4. Контролдоо боюнча отчёттун мөөнөтү токтомдун өзүндө көрсөтүлөт. Айылдык кеңештин төрагасы токтомдун аткарылышы үчүн контроль жүктөлгөн кызмат адамына же органга айылдык кеңештин сессиясында анын аткарылышынын жүрүшү жөнүндө маалымат берүүнү тапшырууга укуктуу.

## IV БӨЛҮМ
## АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН НОРМА ЧЫГАРУУ ИШИ

**35-глава. Норма чыгаруу ишинин негизги принциптери**

35.1. Айылдык кеңештин норма чыгаруу иштери төмөндөгү принциптерде жүргүзүлөт:
— жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарын, эркиндигин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоонун;
— мыйзамдуулуктун;
— негиздүүлүктүн;
— максатка ылайыктуулуктун;
— акыйкатчылыктын;
— ачыктыктын.
35.2. Айылдык кеңеш өзүнүн компетенциясынын чектеринде токтом кабыл алат.